**Математика**

**4-класс**

***2-чейрек***

**№1.** Пирог жасоо үчүн апама 1 кг ундун 5 тен 4 бөлүгү керек. Пирогду жасоо үчүн канча грамм ун керектелген? Жообун сан менен жаз: ____________________________________________

Ашканада тараза жок болсо, апам унду кантип өлчөйт? Өлчөөнүн эң тез жолун аныкта.




Жообу: _________________

**№2.**Теңдеменин тамыры канчага барабар: х · 3 = 6321 : 7

а) 301　　　　б) 903

в) 31　　　　г) 93

**№3.** Туюнтманын маанисин тап: 768 жана 8 дин тийиндисин 100 эсе чоңойт.

а) 76000　　　　б) 9600

в) 196　　　　г) 77600

**№4.** Бул эки туюнтманын айырмасы канчага барабар: 5124 · 5 жана 2748 · 6

а) 42108　　　　б) 16488

в) 25620　　　　г) 9132

**№5.** Айгерим белек кутучаларын чогултат. Анын бир чоң кутусуна 7 кичирээк куту батат жана алардын ар биринде дагы 7ден куту бар. Айгеримдин коллекциясы канча кутудан турат?

а) 49　　　　б) 50

в) 56　　　　г) 57

**№6.** Сол жакта турган ар бир элементке оң жактагы элементтердин ичинен дал келгенин тап. (б.а. дал келген эки элементти туташтыр). Оң жактагы элементтердин бирөөсү ашык. Жообу жанында берилген таблицага жазылат.

| | | | |
|---|---|---|---|
| А | 120 нын 6 дан 5 бөлүгү | 1 | 160 |
| Б | 42 нин 3 төн 2 бөлүгү | 2 | 100 |
| В | 200 дүн 5 тен 4 бөлүгү | 3 | 10 |
| | | 4 | 28 |

| | |
|---|---|
| А | |
| Б | |
| В | |

**№7.** Дүкөндө окуучулардын чакмак жана түз сызык дептерлери сатылат. 200 дептердин 5 тен 2 бөлүгү чакмак дептерлер болсо, анда алардын канчасы түз сызык дептерлер?
Жообу: ____________________

**№8.** 11-класстын окуучулары математикадан сынак берип жатышат. Сынак башталгандан бери 99 мин өттү. Сынактын бүтүшүнө канча убакыт калды?

**СЫНАКТЫН УЗАКТЫГЫ**

**Сынактын башталышы – 10.00**


- **Математика – 3 саат 55 мин**
- **Орус тили – 3 саат 55 мин**

Жообу: _________________

**№9.** Жер тилкесине кара өрүк отургузуу чечими кабыл алынган. Жумушчулар бак-дарактарды отургузуунун эрежесин изилдеп чыгып, жумушка киришишти.

| Бак-дарактарды отургузуунун тартиби | | |
|---|---|---|
| **Өсүмдүктөр** | **Катардын ичиндеги аралык** | **Катардын арасындагы аралык** |
| Алма, алмурут (урук менен) | 3-4 | 5 |
| Алма, алмурут (жай өскөн) | 1,5 – 2,5 | 3 – 4 |
| Алча (урук менен) | 3 | 5 |
| Алча (жай өскөн) | 2,5 – 3 | 3 – 4 |
| Чие | 4 | 6 |
| Алча, кара өрүк | 3 | 5 |
| Абрикос, шабдалы | 3 – 4 | 5 – 6 |

Көрүнүп тургандай, дарактар тилкенин периметри боюнча отургузулган.
Жер тилкенин аянты канчага барабар?



Жообу: _________________

**№10.** Мектептин ашканасына 96 таңгак сүт алып келишти. Бул айранга караганда 3 эсе көп. Сүткө караганда айрандын таңгактары канчага аз?
Жообу: ________________________________

**№11.** Туура эмес чыгарылган туюнтманы тап.

а) 230 : 6 = 38 (ост.2)
б) 652 : 9 = 72 (ост.4)
в) 17225 : 6 = 287 (ост.5)
г) 24315 : 4 = 6078 (ост.3)

**№12.** 5 м$^2$ канча см$^2$ га барабар?

а) 50 см$^2$
б) 5000 см$^2$
в) 500 см$^2$
г) 50000 см$^2$